***ТАРЫХ ИЛИМДЕРИ***
***ИСТОРИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***HISTORICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2022.87.22.037***

***Бердиев А.Т., Кошуев А.Ж., Султанова С.Т.***

## ТҮБӨЛҮКТҮҮ, УНУТУЛГУС, САЛМАКТУУ ИЗ КАЛТЫРГАН УСТАТ-ПЕДАГОГ, ИЛИМПОЗ ИНСАН

***Бердиев А.Т., Кошуев А.Ж., Султанова С.Т.***

## ПЕДАГОГ-ПРОСВЕТИТЕЛЬ И УЧЕНЫЙ ОСТАВИВШИЙ ВЕЧНЫЙ НЕЗАБЫВАЕМЫЙ СЛЕД

***A. Berdiev, A. Koshuev, S. Sultanova***

## A TEACHER-EDUCATOR A SCIENTIST WHO LEFT AN ORIGINAL UNFORGETTABLE BALANCED MARK

*УДК: 81.371*

*Биз, бул макалада Кыргызстандын түштүк-батыш аймагында билим берүү тармактарында көп жыл эмгектенген, Сүлүктү шаарында жогорку билим берүү мектебин негиздеген, Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун негиздөөчүсү Машрабов Абдималик Амировичтин педагогикалык ишмердигине, жетекчилик инсандык сапаттарына, уюштуруучулук менежердик ишмердүүлүктөрүнө сарсеп салып, анын инсандык касиеттерине маани берип баяндадык. Мыкты жетекчи болуудан илгери адам мыкты инсан болуусу керек деген ой кылымдардан бери акылмандар тарабынан айтылып келүүдө. Абдималик Амировичтин педагогикалык багытта жасаган иштери, устаз-мугалим катары адамгерчилик сапаттарын, илимпоз катары аймактагы изилдөөгө муктаж болгон актуалдуу деп эсептелген проблемалардын илимий айлампага киргизүүсү, илимий изилдөө иштерин, институттагы, университеттеги башкаруу чөйрөсүндөгү жасаган алгылыктуу жумуштары чагылдырылды. Абдималик Амировичтин 65 жылдыгына карата эскерүү богытындагы материалдар берилди.*

***Негизги сөздөр:*** *педагог, ишмердик, адилеттүү, гумандуу, жогорку мектеп, мугалим, устаз, инсан, адам, жетекчи, акыл-эс, сезим, илимпоз.*

*В этой статье отражены краткие сведения о Абдималик Амировиче Машрабове, основателе высшей образовательной школы в городе Сулюкта, Сулюктинского гуманитарно-экономического института, о работнике, многие годы проработавшем и внесшем весомый вклад в становлении образовательного фундамента региона, как человека обладавшего разносторонними организаторскими способностями руководителя, менеджера образования, вклад которого в развитие образовательной сферы юго-западного региона Кыргызстана имеет особое место. Как говорится, из великих исторических философских высказываний, перед тем, чтобы стать отличным руководителем, необходимо быть разносторонней личностью. Многолетний вклад Абдималика Амировича в педагогическую деятельность, индивидуально-ориентированные руководительские подходы к коллегам, учитель-наставнические качества, умение творчески и новаторски подходить к решению различных проблем, умение поднять перед научными сообществами актуальные проблемы региона, работая в руководящих должностях в масштабе института, университета, неоценима велика. Материалы посвящены 65-летию Абдималика Амировича Машрабова.*

***Ключевые слова:*** *педагог, деятельность, справедливый, гуманный, высшая школа, учитель, наставник, личность, человек, руководитель, сознание, восприятие, наука.*

*This article reflects brief information about Mashrabov Abdimalik Amirovich, the founder of the higher educational school in the city of Sulukta, the Sulukta Humanitarian and Economic Institute, about an employee who has worked for many years and made a significant contribution to the formation of the educational foundation of the region, as a person with versatile organizational skills as a leader, manager of education , whose contribution to the development of the educational sphere of the southwestern region of Kyrgyzstan has a special place. As they say, from historical great philosophical statements, in order to be an excellent leader, you must be a versatile person. Abdimalik Amirovich's long-term contribution to pedagogical activity, individual-oriented leadership approaches to colleagues, teacher-mentoring qualities, the ability to creatively and innovatively approach solving various problems, the ability to bring to the attention of the scientific communities the urgent problems of the region, working in leadership positions on the scale of the institute, university, inestimably great. The materials are dedicated to the 65th anniversary of Mashrabov Abdimalik Amirovich.*

***Key words:*** *teacher, activity, fair, humane, higher school, teacher, teacher, personality, person, leader, consciousness, feeling, science.*

Мыкты жетекчи болуудан илгери адам мыкты инсан болуусу керек деген ой кылымдардан бери акылмандар тарабынан айтылып келүүдө. Ойлоп көрсөк чындыгында сөздүн толук маанисиде асыл инсан болбой туруп канчалык күчтүү, билимдүү, жөндөмдүү болсо да адам чыныгы Элдин мүдөөсүн аткарган, ыраазы кылган, миллиондогон адамдарга сүйкүмдүү лидер, жетекчи болуусу мүмкүн эмес экендиги ар тараптан тастыкталып келүүдө. Себеби, инсандык асыл сапаттары толук болбогон, адилеттүүлүк, адамгерчилик, мээримдүүлүк, калыстыкка негизделбеген жетекчи, лидер, жөн эле диктатор, бийлөөчү, башкаруучу болуп, элди жакшылыкка алып бара албайт. Анткени

адилеттүүлүк, гуманизмге негизделбеген күчтүүлүк – бул жөн эле зомбулук болуп, өнүгүүгө эмес, элди жек көрүүсүнө алып келет [3, 9-б.].

Бүтүндөй акыл-эсинде, сезим-туюмунда адамдарга жарыгым тийсе, колдон келсе баарына жакшылык кылсам деген ак ниетте жүргөн асыл инсандар болот. Мындай инсандар чындыгында турмушта сейрек кездешет. Дене боюна улутттук баалуулуктарды сиңирип, нарк-насилди туу тутуп, өмүр бою жакшылык жасоону өзүнүн жашоодогу вазийпасы катары сезген инсандар бирөөгө жакшылык сунгандан канааттануусун алышып башкаларга үлгү болушуп, өрнөктүү өмүр сүрүшөт [1, 24-б.].

Лейлек районунун белгилүү инсандарынын бири, айтылуу Сүлүктү шаарынын кулуну, областын көптөгөн аймактарына таанымал болгон Машрабов Абдималик Амировичти жогорку окуу жайдын уюштуруучусу, жетекчиси жана устат-педагог, мыкты илимпоз, жакшы жолдош, тажрыйбалуу ишбилги адам катары жакындан билебиз.

Кыргыз элинде: «Жолду баскан арбытат», -деген бир жөнөкөй макал бар. Анын маанисине кичине үңүлүп карасаң таң каласын. Анткени ал Кудай ургандай чоң сөз. Анда жашоонун философиясы жуурулушкан. Адамды алдыга жетелейт, жакшылыктан үмүттөндүрөт, кыймылда, аракетте, изденүүдө болууга чакырат. Адамды оптимисттик маанайда жашоого шыкак берет. Баспаган адам ордунан жылбайт, дүйнөнү түйбайт. Жакшы максат-тилек менен кадам таштабаган адамдын ийгиликке жетишкендигин көрө элекмин. Демек, бул дүйнө биз үчүн туюк сыр, басылып өтүлбөгөн жол. Ошол жолду басып өтсүн деп бизге тагдыр берди, акыл-эс берди, күч-кубат берди. Ал жолду ар ким ар кандай максат менен басып, бир нерсеге жетишем деп, жакшылыктан үмүттөнүп өмүр кечирип келатат [4, 5].

Абдималик Амирович бул жолду татыктуу басып өттү, ар дайым коомчулуктун көңлүндө болуп, Сүлүктү шаарында жогорку окуу жайды түптөп, аймак үчүн канчалаган кадрларды даярдап, билм берүү тармагында эбегейсиз кызмат өтөп, эл кызматында болду, шаардык кеңештин бир нече жолку депутаты болуп шайланып, коомдук иштерге да катышып, өз ойлорун, идеяларын берип, шаардын өсүп өнүгүшүнө да чоң салым кошкон десек жаңылышпайбыз. Аймактын орто мектептеринин мугалимдеринин 60%нан жогору Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун бүтүрүүчүлөрү экени шексиз.

Филология илимдеринин кандидаты, доцент Машрабов Абдималик Амировичти биз ошондой нускалуу, маңыздуу өмүр сүргөн, адамгерчиликти өзүнүн жашоодогу туусу катары сезген, сүйлөгөн сөзү, берген насааттары, аткарган иши биз сыяктуу жаштарга үлгү болгон ардактуу инсан катары жакшы билебиз. Абдималик Амирович артында түбөлүктүү, унутулгус, салмактуу из калтырды, аз жашаса да мазмундуу өмүр сүрдү десек жаңылышпайбыз.

Машрабов Абдималик Амирович 1957-жылы 15-февралда Ош областына (азыркы Баткен областы) караштуу Сүлүктү шаарында жумушчу-шахтердун үй-бүлөсүндө туулган. 1973-жылы Сүлүктү шаарындагы №3 орто мектебинин 8-классын бүтүрүп, Жалал-Абад шаарындагы А.С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына тапшырып, 1977-жылы бүтүргөн, «Кол эмгек жана черчение» мугалими деген адистикке ээ болгон. 1977-1979-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1981-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине тапшырып, 1985-жылы өзгөчөлөнгөн, артыкчылык диплом менен ийгиликтүү аяктаган. Кыргыз тили жана адабияты мугалими деген адистикке ээ болгон. [2,81]. 1985-жылдан өмүрүнүн акырына чейин мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, мектептин директору, институттун директору, БатМУнун проректору кызматтарды аркалап, эли-жерине, таза, калыс кызмат кылып, коомчулуктун бир топ алкыштарына татыган.

Баткен мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин 2001-ж. 11-январындагы чечиминин негизинде БатМУнун Сүлүктүдөгү филиалы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институту болуп өзгөртүлүп, өзүнүн юридикалык статусуна ээ болгон. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2008-жылдын 13-майындагы №399 лицензиясынын жана БатМУ СГЭИнин Окумуштуулар Кеңешинин чечиминин, институттун директорунун 2008-жылдын 3-октябрындагы №131 буйругунун негизинде институттун курамында Кесиптик орто билим берүү борбору ачылган [5]. Бул структуралык өсүүлөрдө Абдималик Амировичтин салымы чоң.

1999-жылы Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунда иштеп турганда Абдималик Амирович менен таанышып калдым, биздин директорубуз профессор М. Муратович менен күндүзгү бөлүмдүн окуу процессин уюштуруу боюнча тажрыйба алмашканы келген экен, ошондо кадр маселеси боюнча ой бөлүшүп калдык, мага ЖОЖдо иштеп жаткан Лейлектик балдар барбы деген суроо койду, 1995-98-жылдары Жалал-Абад коммерциялык институнда Толубаев Жоро Осмонович менен иштеп келгендиктен билет элем, айттым, ошол эле жылы Жоро Осмоновичти Сүлүктүгө институтка эмгектенүүгө чакырып, шарт түзүп берди, Жалал-Абаддан Сүлүктүгө иштөөгө ынандырып алып келгендигинде агайдын патриоттуулугун көрүүгө болот, Жоро Осмонович да физика-математикалык илимдер багытында кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргоп, агай менен бирге иштеп институттун калыптанышына, өсүп-өнүгүшүнө салым кошуп келе жаткан кадрлардын бири.

Абдималик Амирович бир сырдуу, миң кырдуу инсан эле. Биз агайдын жасаган эмгектерине, тутунган принциптерине карап, үч багыт боюнча ой бөлүшкүбүз келди.

Биринчиси, жогорку билим берүү ишин уюштуруунун устаты катары баалайбыз. Абдималик Амирович бүтүндөй өмүрүн, энергиясын, жан жигарин Кыргызстандын түштүк-батыш чөлкөмүндө жогорку билим берүүнү өркүндөтүүгө арнады десек жаңылышпайбыз. Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон баштап эле өлкөбүздөгү билим берүү тармагында бир топ өзгөрүүлөр болгондугу баарыбызга маалым. Мамлекеттин экономикасы киризиске учурап, колхоз, совхоздор жоюлуп, шаар ишканалары токтоп, элдин социалдык абалы төмөндөп, айыл жериндеги жаштардын жогорку окуу жайларында билим алуусуна кыйынчылыктар жаралгандыгы белгилүү.

Өлкөбүздүн борбору Бишкек шаарынан 1000 чакырым, экинчи борбору Ош шаарынан 400 чакырым алыста жайгашкан Сүлүктү шаары, Лейлек районунун уул-кыздарынын жогорку билим алуусуна, кайсы бир кесиптин ээси болуусуна экономикалык абал, акча каражатынын жоктугу, жолдун алыстыгы өз кедергисин тийгизгендиги талашсыз. Аймакта билим берүү системасын өнүктүрүү, орто мектептерди жаш кадрлар менен камсыз кылуу максатында, айрыкча педагогикалык багыттагы адистерди даярдоодо салымы чоң.

Ош мамлекеттик университетинин ректорунун 1996-жылдын 3-майындагы №41 буйругунун негизинде Сүлүктү шаарында Ош мамлекеттик университетинин окуу-консультативдик пункту ачылып, консультативдик пунктун калыптанышына ошол мезгилдеги Сүлүктү шаардагы №3 А.С. Макаренко атындагы орто мектебинин директору Машрабов Абдималик Амировичтердин салымы эбегейсиз экендиги шексиз [2, 82-б.].

1996-ж. Сүлүктү шаарында жогорку окуу жайынын түптөлүшү Машрабов Абдималик Амирович ОшМУнун окуу-консультативдик пунктунун башчысы болуп дайындалышы менен Сүлүктү, Лейлек, Баткен райондорунун, коңшулаш Тажикстан, Өзбекстан жана Казакстандан билимге суусаган жаштардын билим алуусуна шарт түзүлгөн. 25 жыл аралыгында кадр даярдоодо, илимий изилдөө иштеринде, спорттук мелдештерде бир топ ийгиликтерди жарата алды.

Абдималик Амирович ЖОЖдун окуу процессинин графигинен тартып окуу пландарына чейинки бардык жумуштарды өтө терең билгендиктен көзөмөлдөөнү жакшы жолго коюп, каттуу текшерүүгө алгандыгы бул анын бул багытта, жетекчилик сапаттарынын мол экендигин көрүүгө болот. Окуу жылынын башында штаттык бирдиктерди, штаттык жадыбалды, штаттык формулярды, окуу жүктөмдөрүнүн саат-эсебин түзүүдө, бекитүүдө өтө кылдаттык менен мамиле жасайт эле, ар бир кафедранын иш кагаздарын жеке өзү карап чыгып, сунуштарын берип келген. Башка ЖОЖдо эмгектенип келген педагогикалык тажрыйбасы мол коллегалар менен, жалпы БатМУдагы окуу процессини жакшыртуу багытында тынбай баарлашып турчу, алардын омоктуу сунуш пикирлерин эске алып, жалпылаштырып анан чечим кабыл алган жетекчи эле.

Экинчиси, илим изилдөө иштеринде Абдималик Амировичтин кыргыз илиминин өнүгүшүнө да барандуу салым кошту, анын багытоосу, насааты менен 10дон ашык илимдин кандидаттары өз илимий иштерин ийгиликтүү коргошуп, Кыргызстандын булун бурчунда жемиштүү эмгектенип жатышат. Абдималик Амирович өзү, 2000-жылы Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын «Тил таануу» институтунун алдындагы илимий диссертациялык Кеңеште «Тууганчылык терминдеринин мааниси жана алардын туюнтулушу» деген темадагы диссертациясын ийгиликтүү коргогон, 2006-жылы «Тил таануу» адистиги боюнча «Доцент» илимий наамы ыйгарылган.

БатМУ Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институту Кыргызстандын түштүк-батыш аймагындагы алдыңкы билимдин, илимдин жана маданияттын очогу болуп калган. Окуу жайдын 20 жылдык мааракесине Кыргызстандын бир канча дубандарынан, чет жактан Тажикстан, Өзбекстан, Россия мамлекеттеринен коноктор чакырылган. БатМУ СГЭИнин 20 жылдык мааракесине арналган «Кыргызстандын түштүк-батыш регионунда илимий изилдөөлөрдүн абалы жана келечеги» аттуу илимий теориялык конференция, ошол учурдагы институттун директору ф-м.и.к., Толубаев Жоро Осмонович тарабынан жогорку деңгээлде уюштурулуп жанга өткөрүлүп, конференциянын катышуучулары Кыргызстандын түштүк-батыш регионунда илимий-изилдөөлөрдү өркүндөтүүнү, илимдин багыттары: этнопедагогика, фольклор, флора, фауна, дары-дармектер, жергиликтүү сырье материалдарды иштетүүнүн технологиялары, региондун тарыхы, археологиясы, айыл чарба продуктыларын кайра иштетүү, фундаменталдык жана прикладдык изилдөөлөрдүн келечектерин баса белгилешкен.

Үчүнчүсү, адамгерчиликтин булагы, Түштүктө элдин күндөлүк кебинде айкөл, адамгерчиликтүү, сабырдуу, кечиримдүү касиетке ээ болгон, башкаларга жарыгын чачып турган адамды «Дарыя инсан» деп коюшат. Себеби, дарыя табиятты тазартып, жамандыкты жакшыртып, караны агартып, жууп тазалап, арулантып, жандуунун тамырына, өзөгүнө суу жүгүртүп, өмүр берип турат эмеспи. Абдималик Амирович да адамдын жан дүйнөсүн жаңырткан, адамгерчилик менен мамиле кылган, бардык ишти баарлашуу менен чечкен, билбесе кары, жаш дебей акырын маектешип иш жүргүзгөн, маселени чечкен инсандардын катарын толуктайт.

Демек, биз сөз кылып, бейнесин түзүүгө аракет кылып жаткан Абдималик Амирович өзүнүн мына ушундай жогорку адамгерчилиги, иш билгилиги, кесипкөйлүүгү жана мыкты уюштуруучу, көрөгөч жетекчи, дасыккан педагог, жаштардын татыктуу тарбиячысы жана илимий устат катары элибиздин сыймыгы болуп кала берет деген ойдобуз.

**Адабияттар:**


1. Ааматов М.., Токтомаматов Кантөрө. Өмүр өрнөгү. (Эскерүүлөр арноолор, документалдуу сүрөттөр). - Б. Улуу тоолор, 2018-ж.
2. Канназарова Б.У., Абдиева А.М., Дооранов Н.А., Билим уялаган окуу жай. - Б.: Айат, 2017-ж.
3. Мадаминов Г., Мадеминов И. Исхак Раззаковдун инсандык, жетекчилик өзгөчөлүктөрү. - Б., 2020. - 160б.
4. Илим кудугун казган инсан. / Түзгөн Э.Эрматов. - Ош, 2005.
5. Баткен таңы. - 2019-жыл, май-июнь.
6. Бердиев А.Т., Султанова С.Т., Мапаев Б.А. Абдыкадыр Орозбеков - мамлекеттик ишмер жана улуттук интеллигенциянын көрүнүктүү өкүлү / А.Т Бердиев. / Известия вузов Кыргызстана. - Бишкек, 2019. - №10. - С. 96-101. http://www.science-journal.kg/ru/journal/2/2019/10/
7. Бердиев А.Т., Султанова С.Т. Кыргызстанда советтик доордо мамлекеттик тил маселесинин көтөрүлүшү / А.Т Бердиев / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек, 2016. - №8. - С. 221-225. http://www.science-journal.kg/ru/journal/1/2016/6/